Күн чыгардан мурда жана Күн батардан мурда намаз окугандар тозокко кирбейт

Абу Зухайр Умара бин Руайба (ага Аллах ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Күн чыгардан мурда жана Күн батардан мурда намаз окугандар тозокко кирбейт".

[Сахих (ишенимдүү)] [Муслим жазып калтырган]

Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип кабарлайт: багымдат жана дигер намаздарын такай калтырбай окуган адам тозокко кирбейт. Бул эки намазды баса белгилеп айткан себеби; бул намаздар окууга оор намаздар болуп эсептелет. Багымдат намазы уйку кызып, таттуу болгон учурда болот. Дигер намазы күндүзү иш кызып, эл алагды болгон учурга туш келет. Кимде-ким ушул эки намаздын машакатына чыдап такай окуп жүрсө, анда башка намаздарын да сактай алат.

http://www.sunnah.global/hadeeth/ky/show/6215